**"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу**

"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу (мындан ары – Корутунду) "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 6-беренесине жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 72-беренесине ылайык даярдалды.

Корутундуну даярдоодо Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 43-беренесин, "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы жөнүндө" токтомун ишке ашыруу зарылдыгын эске алды.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна жалпы мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММК фонду) параметрлери 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолунун негизинде, ошондой эле саламаттык сактоо жана медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндө мамлекеттик максаттуу программаларды жана иш-чараларды аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кабыл алган чечимдерди эске алуу менен эсептелген.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 3-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, 2024-жылга ММК фондунун бюджети жана 2025-2025-жылдарга болжолдоо, Кыргыз Республикасынын Мыйзамы формасында түзүлгөн. ММК фонду тарабынан "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен макулдашуу жол-жоболору жүргүзүлгөн.



Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына 2023-жылдын 12-сентябрындагы №19/10189 кат менен жөнөтүлгөн.

"Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында www.koomtalkuu.gov.kg ID 2923 2023-жылдын 1-августунда жарыяланган.

ММК Фондунун өкүлдөрүнүн жана коомдук уюмдардын катышуусу менен 08.09.2023-жылдагы талкуулоо протоколуна ылайык, "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору жактырылган.

Ушул Корутундуну даярдоо учурунда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94-беренесине жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 72-беренесине ылайык, "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин кароосуна жөнөтүлгөн эмес.

Мыйзам долбоорунун 1-беренесине ылайык, 2024-жылга ММК Фондунун кирешелер жана чыгымдар боюнча бюджетин 29 855,5 млн сом суммасында бекитүү сунушталган.

Мыйзам долбоорунун 2-беренесинде 2-тиркемеге ылайык, ММК фондунун болжолдуу параметрлерин жактыруу сунушталган:

- 2025-жылга кирешелер жана чыгымдар боюнча - 31 304,6 млн сом суммасында;
- 2026-жылга кирешелер жана чыгымдар боюнча - 32 066,5 млн сом суммасында.

Мыйзам долбоорунун 6-беренесинин 1-бөлүгүндө, ММК фондуна берилүүчү, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен бөлүнгөн акча каражаттарынын көлөмү 2024-жылга - 22 580,2 млн сом, 2025-жылга - 23 596,6 млн сом жана 2026-жылга - 23 978,7 млн сом суммасында сунушталган.

Мыйзам долбоорунун 6-беренесинин 2-бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондун бюджетинен ММК фондунун бюджетине берилүүчү каражаттардын көлөмү

2024-жылга - 4 702,7 млн сом, 2025-жылга - 4 905,8 млн сом жана 2026-жылга - 5 101,1 млн сом суммасында сунушталган.

Мыйзам долбоорунун 7-беренесинде ММК фондунун бюджетинин 2024-жылга карата жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчасынын көлөмү 391,9 млн сом суммасында белгилөө сунушталган.

12-berenenin 1-бөлүгүндө Бирдиктүү төлөөчү системасынын саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык жана башка кызматтар үчүн акы төлөө боюнча эсептер үчүн колдонулуучу базалык ченемдер бекитилген.

Мында, 12-берененин 2-бөлүгүндө 2024-жылга калктын жан башына базалык мамлекеттик медициналык камсыздандыруу боюнча эсептик көрсөткүч отуз эсептик көрсөткүчкө чейинки өлчөмдө же, 3000 сомго чейин белгиленген.

## ММК фондунун бюджетинин киреше бөлүгүн талдоо

"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда ММК фондунун бюджетинин кирешелеринин болжолдонгон жалпы көлөмү төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- 2024-жылга – 29 855,5 млн сом (2023-жылга бекитилген кирешелер көлөмүнө салыштырмалуу 1084,7 млн сомго же 3,8%га көп);
- 2025-жылга – 31 304,6 млн сом (2024-жылга болжолдонгон кирешелер көлөмүнө салыштырмалуу 1 449,1 млн сомго 5,5%га көп);
- 2026-жылга – 32 066,5 млн сом (2025-жылга болжолдонгон кирешелер көлөмүнө салыштырмалуу 761,9 млн сомго 2,4%га көп).

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджетинин параметрлерине салыштырмалуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджетинин негизги параметрлери жана аны күтүлгөн аткаруулар төмөндөгү таблицада берилген:

(млн сомдо)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2023-жыл | Четтөө (+,-) | 2024-жыл | Болжолдоо | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бекитилген бюджет | (4-топ- 2-топ) | Долбоор | 2025-жыл (болжолдоо) | 2026-жыл (болжол-доо) |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Бардык кирешелер** | **28 770,8** | **1 084,7** | **29 855,5** | **31 304,6** | **32 066,5** |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун башка кирешелери | 12,0 | 684,7 | 696,7 | 782,8 | 868,9 |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары | 23 252,1 | -671,8 | 22 580,2 | 23 596,6 | 23 978,7 |
| Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | 3 910,1 | 792,6 | 4 702,7 | 4 905,8 | 5 101,1 |
| Мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтардан түшкөн каражаттар | 1 237,0 | 313,0 | 1 550,0 | 1 627,5 | 1 708,9 |
| Эл аралык уюмдардан трансферттер | 64,4 | -64,4 | | | |
| Жыл башындагы калдык | 295,1 | 30,7 | 325,8 | 391,9 | 408,8 |



ММК фондунун бюджетинин кирешелер түзүмүндө 2024-жылга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар - 22 580,2 млн сомду же ММК фондунун бюджетинин кирешелеринин жалпы көлөмүнөн 75,6 %ды, Социалдык фонддун бюджетинен берилген каражаттар - 4 702,7 млн сомду же 15,8 %ды, мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн түшкөн каражаттар (кошуп төлөө каражаттарын камтуу менен) - 1 550,0 млн сом же 5,2 %ды, жана башка түшкөн каражаттар - 696,7 млн сомду же 2,4 %ды түзгөн.

## Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары

ММК фондунун бюджетинин кирешелеринин болжолдонгон көлөмүндөгү бир кыйла үлүш, республикалык бюджеттен алынган каражаттарга туура келет:

- 2024-жылы – 22 580,2 млн сом же кирешелер жалпы көлөмүндө 75,6 % жана 2023-жылдагы деңгээлден 671,8 млн сомго аз болжолдонууда;
- 2025-жылы – 2024-жылдагы болжолдоого карата 1 016,4 млн сомго өсүү менен 23 596,6 млн сом;
- 2026-жылы – 2025-жылдагы болжолдоого карата 382,1 млн сомго өсүү менен 23 978,7 млн сом.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджетинин кирешлер бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 22-сентябрындагы №13-2/10947 берилген контролдук цифраларынын негизинде пландалган.

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча 2024-жылга болжолдуу көрсөткүчтөр, “Баштапкы медициналык-санитардык жардам кызматын көрсөтүү” 2-программанын “Калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун ишинин сапатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишкендиги үчүн дем берүүчү акы төлөө жолу менен жакшыртуу” жыйынтыгына багытталган иш-чаралар программасы боюнча 316,8 млн сом каржылоону эсепке алуу менен берилген.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен берилген каражаттар

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджетинин кирешелер бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 18-июлундагы №3-9/5181 берилген контролдук цифраларынын негизинде пландалган.

Төлөөчүлөрдүн негизги категориялары үчүн, иштеген калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүү көлөмү “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик

камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынан 20%га белгиленген тарифтин негизинде эсептелген.

Алсак, ММК фондунун бюджетине Социалдык фонд чегерген милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнөн ММК фондунун кирешелеринин жалпы көлөмү 2024-жылга 4 702,7 млн сом суммасында болжолдонгон (кирешелердин жылдык жалпы болжолдонгон көлөмүнөн 15,9% же 2023-жылга бекитилген деңгээлден 792,5 млн сомго көп), 2025-жылга - 4 905,8 млн сом (2024-жылга карата 203,1 млн сомго өсүү менен), 2026-жылы – 5 101,1 млн сом (2025-жылдагы деңгээлден 195,3 млн сомго өсүү менен).

Ошону менен бирге, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде 2024-жылга ММК фондунун каржылоо көлөмү 4 702,7 млн сом суммасында белгиленгендигин, белгилей кетүү керек. Мында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан алынган, бул Мыйзам долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-2026-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептөөлөрүнө ылайык, ММК фондуна 2024-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү 4 848,1 млн сомду түзгөндүгү көрсөтүлгөн, же ММК фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү менен 2024-жылы ММК фондун каржылоо көлөмүнүн айырмасы **145,4** млн сомду түзөт, бул болсо, ММК фондуна чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн болжолдонгон келип түшүүлөрүнүн суммасынан 3,0 %га барабар. 3% өлчөмүндөгү каражаттар, мурунку жылдардагыдай эле Социалдык фонддун административдик чыгымдарына кармалат деп болжолдонгон. Мында, ММК фондуна берилүүчү каражаттарынын суммасынын көлөмүн азайтууга тиешелүү берене (негиздеме) долбоордо көрсөтүлгөн эмес.

Белгилей кетсек, 01.01.2022-жылдан 31.12.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине төмөндөгүлөрдүн ортосундагы юридикалык коллизияны чечүү боюнча чараларды көрүү жөнүндө сунуштама жөнөтүлгөн:

"Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренеси жана "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун каржылоодо Бирдиктүү төлөөчү системасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-абзацынын, аларга ылайык, Медициналык милдеттүү камсыздандыруу төлөмдөрүн чогултууга ыйгарым укугу бар орган медициналык милдеттүү камсыздандырууга камсыздандыруу төлөмдөрүн чогултууну жүзөгө ашырат жана чогулган төлөмдөрдү медициналык милдеттүү камсыздандырууга өз убагында толук көлөмүндө өткөрүп берет, ошондой эле медициналык милдеттүү камсыздандыруунун каражаттарын башка максаттарга пайдаланууга укуксуз;

- "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 4-пункуту жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.11.2021-жылдагы № 254 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Жобосунун 14-пунктунун, аларга ылайык, каражаттар Социалдык фонддун күндөлүк ишин финансылык жана материалдык-техникалык камсыз кылууга түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнүн 3 пайызынан ашпаган көлөмдө багытталат.

Мында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 17-декабрындагы №4275-VI "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун экинчи окууда кабыл алуу тууралуу" токтому менен, "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги № 2397-VI токтомун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык фондуна багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшкөн көлөмүнүн 3 пайызын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан алып коюуну алып салуу бөлүгүндө аткарууну камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тапшырылган.

**ММК полисин берүүдөн келип түшкөн каражаттар**

ММК фондун түзүүчү жогоруда көрсөтүлгөн булактардан сырткары, ММК фондунун бюджетине милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистерин (мындан ары - ММК полиси) берүүдөн келип түшкөн каражаттар кирет, милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы менен камтылбаган адамдар ММК полистерин сатып алуу менен, милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча төгүмдөрдү төлөөгө укуктуу.

ММК полистерин сатуу, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашуу боюнча ММК фонду тарабынан бекитилген, ММК полисинин наркын эсептөө методикасынын негизинде белгиленген баа боюнча жүргүзүлөт. Бүгүнкү күнү камсыздандырылбаган жарандар үчүн ММК полисинин наркы 1722 сомду түзөт, ал 12 календардык ай ичинде колдонулат. Ошондой эле бүгүнкү күнү 6 календардык ай колдонуу мөөнөтү менен, чет элдик жарандар үчүн ММК полисинин наркы 8196 сомду жана 12 календардык колдонуу мөөнөтү менен ММК полисинин наркы 16391 сомду түзөт. 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында бардыгы болуп, 41 366 ММК полиси берилген, анын ичинен:
- камсыздандырылбаган жарандарга – 14 012 полис;
- чет элдик жарандарга – 736 полис;
- качкындарга – 2 полис;
- кайрылмандарга – 3 полис;

2024-жылы ММК фондунун бюджетинен медицина чөйрөсүндө жаңы технологияларды жайылтууга жана техникалык жабдууларды жакшыртууга 100,0 млн сомду саламаттык сактоо уюмдарына багыттоо болжолдонууда (саламаттык сактоону колдоо жана өнүктүрүүгө максаттуу каражаттар).

"Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, Мыйзам долбоорунда ММК полисин өз алдынча сатып алуучу, камсыздандырылбаган жарандарга берүү үчүн ММК полистерин даярдоого жана рецептуралык бланктарды даярдоого 2024-жылга 150,0 миң сом суммасындагы чыгымдар каралууда.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 77-беренесинин 5-пунктуна ылайык, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду бюджеттик укук мамилелерин жөнгө салуу жаатында, милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдары берүүчү медициналык жана алдын алуу кызмат көрсөтүүлөрүн каржылоого жумшалган каражаттардын жалпы көлөмүнөн бир айлык каржылоодон кем болбогон көлөмдө каржылык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн камсыздандыруу запасын түзөт.

Буга байланыштуу, аларды финансылык камсыздоо үчүн кирешелер жетишпеген учурда, ММК фондунун чыгымдар милдеттенмелерин аткаруу үчүн, Мыйзам долбоору менен ММК фондунун бюджетинде 2024-жылга - 391,9 млн сом, 2025-жылга – 408,8 млн сом жана 2026-жылга – 425,1 млн сом көлөмүндөгү камсыздандыруу каражаттарынын запасын резервдөө сунушталууда.

Камсыздандыруу запастарын түзүү жана пайдалануу тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-январындагы №4 "Бирдиктүү төлөөчү системасында бюджеттик эрежелерди жана жол-жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген.

2024-жылдын башында каражаттардын калдыгы, 2023-жылдын бюджетинде түзүлгөн камсыздандыруу запасынан каражаттарынан эсебинен 325 842,8 млн сом суммасын түзгөн.

01.01.2022-жылдан 31.12.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, саламаттык сактоо уюмдарындагы штаттык санды олуттуу түрдө кайрадан карап чыгуу жана башкаруу, финансылык өз алдынчалыкка ылайык, иштеген медициналык кызматкерлерге анын шайкеш келиши жана Бирдиктүү төлөөчү системасында келишим негизинде өзүнүн ишин жүргүзүү боюнча маселени ММК фонду менен биргелешип кароо жөнүндө жазма буйрук жөнөтүлгөн.



**ММК фондунун жана анын аймактык бөлүмдөрүн маалыматтык камсыздоого чыгымдар жана административдик чыгымдар**

ММК фондун ишин финансылык камсыздоого, анын аппаратын жана аймактык башкармалыктарын күтүүгө 2024-жылы 350,2 млн сом суммасын багыттоо пландалууда, анын ичинен, ММК фондунун борбордук аппаратына - 108,5 млн сом, ММК фондунун аймактык башкармалыктарына - 203,5 млн сом, ММК полисин өз алдынча сатып алуучу, камсыздандырылбаган жарандарга берүү үчүн ММК полистерин даярдоого жана рецептуралык бланктарды даярдоого 2024-жылга 150,0 миң сом суммасындагы чыгымдар багытталууда.

Мындан сырткары, 2024-жылга ММК фондунун бюджетинде маалыматтык системаны иштеп чыгуу, жайылтуу, коштоо боюнча иш-чараларды финансылык камсыздоону камтыган, милдеттүү медициналык камсыздандырууну маалыматтык-коммуникациялык камсыздоого чыгымдар 38,0 млн сом суммасында каралууда, анын ичинен, борбордук аппарат боюнча - 32,8 млн сом, аймактык башкармалыктар боюнча - 5,2 млн сом.

ММК фондун жана анын аймактык башкармалыктарын күтүүгө чыгымдар үлүшү 2021-жылы - Фонддун бюджетинин чыгымдарынын жылдык жалпы көлөмүндө 12%ды түзөт, 2025-жылы жана 2026-жылы көрсөтүлгөн чыгымдар 2024-жылдын деңгээлинде пландалууда.

2024-жылга ММК фондунун Борбордук аппаратынын административдик чыгымдары, чыгымдардын төмөндөгү топтору боюнча 108,5 млн сом суммасында болжолдонууда:

- 211-топ "Эмгек акы" – 71,4 млн сом;
- 212-топ "Социалдык фондго чегерүүлөр" – 9,9 млн сом;
- 221-топ "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" - 12,8 млн сом;
- 222-топ "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" - 1,5 млн сом;
- 311-топ "Негизги фонддор" – 12,9 млн сом.

2024-жылга ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын административдик чыгымдары чыгымдардын төмөндөгү топтору боюнча 203,5 млн сом суммасында болжолдонууда:

- 211-топ "Эмгек акы" – 151,5 млн сом;
- 212-топ "Социалдык фондго чегерүүлөр" – 21,3 млн сом;
- 221-топ "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" - 16,6 млн сом;
- 222-топ "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" - 6,4 млн сом;
- 223-топ "Коммуналдык кызматтар" - 1,6 млн сом;
- 311-топ "Негизги фонддор" – 6,1 млн сом.

**Корутунду**

Сунушталып жаткан Мыйзам долбоору негизинен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына, "Кыргыз

- боюнда бар аялдарга – 26 613 полис акысыз берилген.

2023-жылдын 1-жарым жылдыгына карата ММК полистерин берүүдөн келип түшкөн каражаттар 28,2 млн сомду түзгөн. ММК фондунун бюджетине ММК полистерин берүүдөн келип түшкөн каражаттар 2024-жылга 696,7 млн сом, 2025-жылга - 782,8 млн сом, 2026-жылга - 868,9 млн сом суммасында болжолдонууда.

**ММК фондунун бюджетинин чыгымдар бөлүгүн талдоо**

2024-2026-жылдарга ММК фондунун бюджетинин чыгымдарын болжолдоо, орто мөөнөттүү мезгилге пландалган кирешелер булактарынын күтүлгөн келип түшүүлөрүн эске алуу менен түзүлгөн жана 2024-жылга - 29 855,5 млн сом, 2025-жылга – 31 304,6 млн сом, 2026-жылга – 32 066,5 млн сом суммасында болжолдонууда.

Калкка медициналык-санитардык кызмат көрсөтүү боюнча Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына өз убагында төлөмдү камсыз кылуу, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилген, Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын ченемдик каржылоону камсыз кылуу үчүн, 2023-жылдын 8-сентябрында 2024-2026-жылдарга ММК фондунун бюджетинин долбоорун коомдук угууда, 2024-жылга бюджетти түзүү жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык кызматтар үчүн төлөө үчүн, ченемдер талкууланган.

Алсак, чыгымдар көрсөткүчтөрүн эсептөө, төмөндөгү каржылоонун болжолдонгон топтолгон ченемдеринин негизинде жүргүзүлгөн:

- стационарларда медициналык кызмат көрсөтүүлөргө төлөөнүн базалык коюму - 10 508,33 сом өлчөмүндө;

- кургак учукка каршы саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык кызматтарына төлөөнүн базалык коюму - 91 569,98 сом;

- адистештирилген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызматтарына төлөөнүн базалык коюму:

• онкологиялык кызматта - 21 317,65 сом;
• гематологиялык кызматта - 28 317,93 сом;
• кардиохирургиялык кызматта - 190 000 сом;
• психиатриялык кызматта - 45 733,92 сом;

- Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жан башын каржылоо ченеми - 368,71 сом;

- Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун (ҮДТ) жан башын каржылоо ченеми - 355,49 сом;

Тиш дарылоо бейтапканаларынын жан башын каржылоо ченеми - 231,97 сом;

- медициналык тез жардам 1 линиялык бригадасын каржылоо ченеми - 946 506,42 сом.

Мамлекеттик кепилдиктер программасында калктын айрым



категорияларына стоматологиялык жардам бекер көрсөтүлөрү белгиленген (балдардын, жалпы билим берүү мекемелериндеги окуучулардын, кош бойлуулук боюнча каттоого турган аялдардын оозунун ичин алдын алуучу текшерүү иштери, анын ичинен, - ооздун ичинин санациясы – 10 жашка чейинки балдарды кошо алганда, 70 жаштагы жана андан улуу курактагы пенсионерлерге, кош бойлуулук боюнча чыныгы жашаган жеринде каттоого (приписка) турган аялдарга, калктын аялуу катмарына, ММК боюнча камсыздандырылган жарандарга).

2024-жылга ММК фондунун топтолгон бюджетинин чыгымдар түзүмүндө абдан көп 99,0% үлүштү, ММК фондунун аймактык башкармалыктары менен түзүлгөн келишимдин негизинде калкка медициналык, профилактикалык жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген, фармацевтик кызматтарды көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдары түзөт.

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары жана фармацевтикалык жабдуучулар менен эсептешүү үчүн, чыгымдардын болжолдонгон көлөмү 2024-жылга 29 855,5 млн сомду түзгөн. Амбулатордук кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого - 9 225,1 млн сом, ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө – 14 558,6 млн сом, тез жана кечиктирилгис станциялардын кызмат көрсөтүүлөрүнө – 842,0 млн сом, арзандатылган дары-дармек менен камсыздоо программасына - 607,0 млн сом жана башка категорияларга кирбеген саламаттык сактоо кызматтарына - 2 392,0 млн сом багытталат.

Муну менен катар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августундагы №441 "Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарын уюштуруу жана аларды көрсөтүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, 2024-жылга ММК фондунун бюджетинде максаттуу чыгымдар болжолдонууда. Менчик медициналык борборлордо акы төлөнүүчү дарылоону алган, өнөкөт бөйрөк жетишсиздигинин терминалдык стадиясы менен абдан муктаж болгон бейтаптарды жеңилдетилген дарылоо менен камсыз кылуу, ошондой эле гемодиолиз кызматын алууда бейтаптардын чыгымдар түйшүгүн кыскартуу максатында, 2024-жылы бюджет 2 230,8 млн сом суммасында болжолдонууда. Көрсөтүлгөн каражаттардын ичинен 33 менчик гемодиолиз борборунда жана 3 мамлекеттик ооруканаларда дарыланган 2618 бейтаптарга бир сеанс үчүн 6500 наркта кызмат көрсөтүлөт.

Мамлекеттик программаларга, иш-чараларга чыгымдар жана төлөмдөр курамында, Мамлекеттик кепилдиктер программасы жана дары-дармек каражаттарынын калган бөлүгүн бейтаптар тарабынан өзү төлөө жана ММК жана республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен дары-дармек каражаттарынын наркынын бир бөлүгүн кайтаруу эсептелген негизги принцип менен, амбулатордук деңгээлде милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы боюнча 607,0 млн сом көлөмүндө арзандатылган дары-дармектер менен камсыздоо программасын ишке ашыруу үчүн багытталган чыгымдар болжолдонууда. 2024-жылга ММКнын кошумча программасы боюнча арзандатылган дары-дармек менен камсыздоо боюнча жан башына ченем 115 сомду түзөт.

Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун тиркемелерине туура келет, Бюджеттик классификацияга ылайык даярдалган.

Ошону менен бирге, төмөндөгүлөрдү белгилеп кетебиз:

- ММК фондунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ортосунда ММК боюнча камсыздандырылган адамдардын саны жөнүндө маалыматтарды салыштыруу жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук алынышын текшерүү максатында, камсыздандырылган адамдардын регистринин маалыматтарынын түзүлүшүнө жана аныктыгына карата ММК фонду тарабынан контролдоо жүргүзүлбөйт;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 202-жылдын 17-декабрындагы №4275-VI токтому аткарылган эмес, ал жерде, "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги № 2397-VI токтомун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык фондуна багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшкөн көлөмүнүн 3 пайызын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан алып коюуну алып салуу бөлүгүндө аткарууну камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тапшырылган;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги ММК фонду менен бирге, саламаттык сактоо уюмдарындагы штаттык санды олуттуу түрдө кайрадан карап чыгуу жана башкаруу, финансылык өз алдынчалыкка ылайык, иштеген медициналык кызматкерлерге анын шайкеш келиши жана Бирдиктүү төлөөчү системасында келишим негизинде өзүнүн ишин жүргүзүү боюнча маселени караган эмес.

**Сунуш**

ММК фондунун бюджетин талаптагыдай жана сапаттуу аткарууну камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине төмөндөгүдөй сунуш берилет:

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук келип түшүүсүн пландоо максатында, ММК фондунда жекелештирилген эсепке алуунун администрленген маалыматтарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонд тарабынан ММКга төгүмдөрдү төлөөчүлөрдүн санын салыштыруу боюнча актуалдашкан маалыматтарды берүү боюнча чаралар көрүлсүн;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги №2397-V1 "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө" токтомун



аткаруу камсыздалсын, ал жерде 4-пункт боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан кийин - Социалдык фонд) операцияларын 2019-жылдан тартып Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу борборлоштурулган эсепке алууга өткөрүү, орто мөөнөттүү мезгилдеги бюджеттик саясаттын негизги багыттарына киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун операцияларын 2019-жылдан тартып Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу борборлоштурулган эсепке алууга өткөрүү төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга мүмкүндүк берет:

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине келип түшүүлөрдүн көлөмдөрү жөнүндө маалыматтарды актуалдаштырууну;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине келип түшкөн жыйымдардын жалпы көлөмү жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүү болушун;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшкөн көлөмүнөн 3% өлчөмүндө каражатты Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алып коюшун жокко чыгаруунун;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун каражаттарын башкаруунун натыйжалуулугун.

2024-жылы өзүнүн административдик чыгымдарына ММК боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнөн 3% каражатты Социалдык фонд тарабынан кармалып калышынан улам, ММК фондунун бюджетине 145,4 млн сом келип түшпөй тургандыгын, белгилей кетүү керек.

- саламаттык сактоо уюмдарындагы штаттык санды олуттуу түрдө кайрадан карап чыгуу жана башкаруу, финансылык өз алдынчалыкка ылайык, иштеген медициналык кызматкерлерге анын шайкеш келиши жана Бирдиктүү төлөөчү системасында келишим негизинде өзүнүн ишин жүргүзүү боюнча маселе каралсын.

**Аудитор**  **А.Т. Байгазаков**